**Эралиева Ырыс Сагынбековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Заир Мамытбековдун адабий мурастары" деген темадагы диссертациясына илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

Кыргыз элинин таланттуу уулдарынын бири – Заир Мамытбеков. Ал кыргыз адабиятынын калыптануусуна, өнүгүүсүнө зор салым кошкон таланттуу инсан. Анын илимий изилдөөлөрү, котормолору кыргыз адабий сынын жана котормо теориясынын маанилүү бөлүгүн түзөт.

50-жылдар – тарыхый мүнөзү жагынан адабий сындын жана илимдин өнүгүшүнүн өзгөчө мезгили. Анткени кыргыз калемгерлери сындын жана адабий илимдин ички табиятын, мүмкүнчүлүктөрүн кенен өздөштүрүп, профессионалдык чеберчиликтин сырларын үйрөнүп, адабиятка жана турмушка олуттуу таасир тийгизе баштаган. Бул мезгилде адабият илими, адабий сын Б. Керимжанова, Ж. Таштемиров, А. Салиев, Ш. Үмөталиев, К. Асаналиев, К. Укаев, М. Борбугулов, К. Артыкбаев, С. Байкожоев, А. Садыков, Б. Маленов, **З. Мамытбеков,** К. Иманалиев, Ж. Төлөев, К. Рысалиев, Р. Кыдырбаева, Т. Аскаров, С. Жигитов, К. Бобулов, Ж. Абдраимов өңдүү сынчы жана адабиятчылар менен толукталган. Алардын чыгармачылык изденүүлөрүнүн натыйжасында адабий сын жана адабий илим өз-өзүнчө тарамдалып, спецификалык түрдө өз алдыларынча жашоого бет алган. Адабий сында чыгармачылыктын илимий көркөм, публицистикалык формалары стилдик бөтөнчүлүктөр катары ишенимдүү түрдө көрүнгөн. Сынчыл ойлордун маданияты кадыресе бийиктеп, көркөм-эстетикалык туюмдун жеткилеңдигине тынымсыз умтулуу, көркөм адабият фактыларын аналитикалык планда талдоо кадимкидей күч алган. Сын биринчи иретте адабият чыгармаларынын көркөм-эстетикалык мазмунун, формасын, сүрөткердин өнөрканасынын оригиналдуулугу менен индивидуалдуулугун талдоого болгон аракеттерди активдештирген.

Улуттук адабияттын тарыхый өнүгүү жолуна объективдүү баа берүү, анда орун алган адабий-эстетикалык тенденциялык көрүнүштөрдү талдап түшүнүүдө адабий процесске активдүү аралашып, өз салымын кошкон акын, жазуучулардын чыгармачылыгы менен катар адабият таануу илиминин жана сындын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын конкреттүү талдоого алуу, илимий-практикалык мааниси зор актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан аткарылган "Заир Мамытбековдун адабий мурастары" деген аталыштагы илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында деп корутундулоого болот.

Иштин киришүүсүндө теманын актуалдуулугу, жаңылыгы, максаты, милдеттери, коргоого коюлган жоболору ж.б. ачык жана так аныкталган.

Диссертация киришүү, төрт баптан жана корутундудан турат. Иштин биринчи бабында маселенин изилдениш деңгээли, изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы берилген. Көрүнүп тургандапй диссертант тиешелүү факт-материалдар менен жетиштүү таанышып чыккан. Даярдыгы жакшы. Логикалык ырааттуулук менен адабиятчынын “Манас” эпосуна тишелүү изилдөөсү, кийинки баптарда А.Осмоновго арналган изилдөөсү жана котормо жаатындагы изденүүлөрү талдоого алынган.

Изденүүчү ар бир баптын аягында тиешелүү корутундуларды чыгарган. Ал эми жалпы корутундуда изденүүчү темага тиешелүү илимий изилдөөлөргө таянып өз жыйынтыктарын ишенимдүү чыгарган.

Изденүүчүнүн стили калыптанган, илимий мүнөзгө ээ, оюу так. Жыйынтыктап айтканда, Эралиева Ырыс Сагынбенковнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган “Заир Мамытбековдун чыгармачылык мурасы” деген темадагы кандидаттык диссертациясы өз максатына жеткен, иштин илимий-теориялык деңгээли ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана коргоого сунуш кылынат.

Илимий жетекчиси, КР УИАнын
академиги, ф.и.д., профессор А.Акматалиев